КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**"Соттук өзалдынча башкаруу органдары жөнүндө"**
**Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү**
**киргизүү тууралуу**

2016-жылдын 12-майында

Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**

"Соттук өзалдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., № 3, 260-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 8-берененин 6-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"6. Судьялар кеңешине Жогорку соттун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын жана жергиликтүү соттордун төрагалары жана төрагаларынын орун басарлары, ошондой эле Судьяларды тандоо боюнча кеңештин курамына кирген судьялар кире алышпайт.";

2) 9-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма төртүнчү – жыйырма жетинчи абзацтар менен толукталсын:

"- Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын мүчөлөрүн шайлайт жана анын иши жөнүндө жобону бекитет;

- судьялардын тартиптик жоопкерчилигин оордотуучу жана жеңилдетүүчү жагдайлардын тизмегин белгилейт;

- Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын жарандык коомдон мүчөлөрүн шайлоо боюнча чүчүкулак өткөрүүнүн тартибин аныктайт;

- судьяны сот тартибинде салынуучу жазык жоопкерчилигине же административдик жоопкерчиликке тартууга макулдук берүү жөнүндө же болбосо макулдук берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимди кабыл алуунун негизин жана тартибин аныктайт.";

3) $10^1$-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

"- Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын курамына шайлоо үчүн тиешелүү соттун судьясынын жана отставкадагы судьянын талапкерлигин сунуш кылат.".

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики**
**«Об органах судейского самоуправления»**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

12 мая 2016 года

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об органах судейского самоуправления» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2008 г., № 3, ст. 260) следующие изменения:

1) часть 6 статьи 8 изложить в следующей редакции:

«6. В Совет судей не могут входить председатели и заместители председателей Верховного суда, Конституционной палаты Верховного суда и местных судов, а также судьи, входящие в состав Совета по отбору судей.»;

2) часть 2 статьи 9 дополнить абзацами двадцать четвертым – двадцать седьмым следующего содержания:

«–избирает членов Дисциплинарной комиссии при Совете судей и утверждает положение о ее деятельности;

–устанавливает перечень обстоятельств, отягчающих или смягчающих дисциплинарную ответственность судей;

–определяет порядок проведения жеребьевки по избранию членов Дисциплинарной комиссии при Совете судей от гражданского общества;

–определяет основание и порядок принятия решения о даче согласия либо об отказе в даче согласия на привлечение судьи к уголовной или административной ответственности, налагаемой в судебном порядке.»;

3) часть 3 статьи $10^1$ дополнить абзацем седьмым следующего содержания:

«– предлагает кандидатуры судьи соответствующего суда и судьи в отставке для избрания в состав Дисциплинарной комиссии при Совете судей.».

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А.Ш. Атамбаев**

Бишкек ш.
2016-жылдын 25-июну
№ 89



**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **А.Ш. Атамбаев**

г. Бишкек
25 июня 2016 года
№ 89